**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**
**ЖЕТИ-ӨГҮЗ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ИССЫК-КУЛСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**
**ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**

---

**ЖЕТИ-ӨГҮЗ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XXV- СЕССИЯСЫНЫН ТОКТОМУ**

«13» 02 **2024-жыл №**69

# ТОКТОМ

**Жети-Өгүз айылындагы муниципалдык имараттын 2 бөлмөсүн тигүү цехине ижарага берүү жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы №37“Мүлккө муниципалдык менчик “жөнүндө мыйзамынын 4–статьясына жана “Муниципалдык мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө” ЖОБОнун 1-статьясынын 11-пунктуна ылайык, Батырканова Асель Калыкбаевнага Жети-Өгүз айылында жайгашкан “Бөбөктай Бай Эл” бала бакчасынын катарында, Мамырбаев көчөсүндө жайгашкан муниципалдык имараттан 2 бөлмөсүн 10 жылдык мөөнөт менен тигүү цехине ижарага берүү боюнча, Жети-Өгүз айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын XIX-кезексиз сессиясы **токтом кылат:**

1. Жети-Өгүз айылындагы муниципалдык имаратты ижарага алуучу Батырканова Асель Калыкбаевна ижарага алган муниципалдык мүлктү кайра ижарага берүүгө, ижара келишими боюнча өзүнүн укуктарын башка жакка күрөө катары берүүгө, юридикалык жактардын уставдык капиталына аманат катары төгүүгө укуксуз экендиги эскертилсин.

2. “Муниципалдык мүлктү ижарага берүү жөнүндө “ЖОБОнун 5 –статьясынын 52-пунктуна ылайык, өзүлөрүнүн милдеттенмелерин талаптагыдай аткарган ижара берүүчү жана ижарага алуучу келишимдин мөөнөтү аяктаганга чейин бир айлык мөөнөттөн кечиктирбестен, ижара келишимине кошумча макулдук түзүп, ижара келишиминин мөөнөтүн узартуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысына тапшырылсын.

3. Жогорудагы ЖОБОнун 6-статьясынын 66-пуктуна ылайык муниципалдык мүлктү ижарага берүү боюнча ижарага берүүчүнүн жетекчиси жана башкы бухгалтери жоопкерчиликте болоору айыл өкмөтүнүн башчысы Т. Иманбаевге милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Ургаипов Б**

Аткарды: Ишембаева.Э
Тел:0500-84-80-19